
# Күчүк, Мышык жана топ



Автор-иллюстратор: Елке жана Рене Лейсинк

Которгон жана адаптациялаган: Калия Кулалиева

# Күчүк, Мышык жана топ

Автор-иллюстратор: Елке жана Рене Лейсинк
Которгон жана адаптациялаган: Калия Кулалиева

Кыргыз тилинде
Бишкек - 2021

Copyright © 2020, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган.

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.


*02 - Cat and Dog and the Ball* түп нусканын негизинде, Copyright © 2020, SIL-PNG. CC BY 4.0 лицензиясы боюнча басылып чыккан.
"Күчүк, Мышык жана топ" (кыргыз тилинде), Калия Кулалиева тарабынан которулуп адаптацияланган. Cat and Dog and the Ball (англисче) чыгарманын негизинде, автор-иллюстратор Elke and René Leisink. Чыгарманын түп нускасын бул жерден көрө аласыз: https://oer2go.org/mods/en-catdogbooks/EN/01Cat&Dogandtheball.pdf

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom




Бул Мышык.




Бул болсо Күчүк.



Мышык менен Күчүктүн үйү бар. Үйдүн эшиги бар. Үйдүн чатыры да бар.



Алардын тобу бар. Топ кызыл, көгүш жана жашыл түстө.



Мышык топту Күчүккө ыргытты.

Күчүк топту тосуп алды.

Күчүк топту Мышыкка ыргытты. Мышык топту тосуп алды.



Андан соң Мышык топту көкөлөтө бийик ыргытты.

– Ой!

– О-ой!



Топ чатырдын үстүнө түшүптүр. Топ үйдүн чатырында!



Күчүк менен Мышык топту көрдү. Бирок алар топко жете албай жатышат.



Мышык менен Күчүк ыйлап жатты. Алар жакка пил келатат.



Пил абдан чоң. Пил топту көрдү.

Пил топко жетти.

Пил топту чатырдын үстүнөн алып жатат.

Пил топту үйдүн чатырынан алып жатат.



Пил топту Мышык менен Күчүккө берип жатат.

Мышык менен Күчүк күлүп жатышат.

Пил да күлүп жатат.

Мышык, Күчүк жана Пил күлүп жатышат.



Мышык, Күчүк жана Пил топ ойноп жатышат.

Мышык топту Күчүккө ыргытты.

Күчүк топту тосуп алды.



– Жакшы кал, Мышык!

Көрүшкөнчө, Күчүк!

– Жакшы бар, Пил!

АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

Автор-иллюстратор: Елке жана
Рене Лейсинк
Которгон жана адаптациялаган:
Калия Кулалиева

USAID "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

1-класс
- 1.1 деңгээли
- **1.2 деңгээли**
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- 4.2 деңгээли